КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ

## ШАЙЛООЛОРДУН ЖЫЙЫНТЫГЫНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮНҮН ЖАНА АЧЫК-АЙКЫНДУУЛУГУНУН ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

МЕЖДУНАРОДНЫЙ ФОНД
ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ СИСТЕМ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

Бишкек - 2021

# МАЗМУНУ

Шайлоо модели: биометрикалык идентификация жана АЭУ.................. 3-бет

Шайлоочулардын тизмесин электрондук түзүү............... ........................ 4-бет

Тизме - шайлоочулар үчүн сайт .................................................................. 5-бет

Шайлоочунун электрондук кабинети............................... .........................7- бет

Электрондук талапкер.................................. ................ .............................8-бет

Даттануулар жана кайрылууларды электрондук каттоо...................................................... ...................... ........................... 10-бет


АЭУ менен добуш берүү .................................. ........................................ 11-бет


Маалыматтык шайлоо системасы.................................................. ......... 11-бет

КР БШК маалымат ресурстары................................................................. 14-бет

## Шайлоо модели: биометрикалык идентификация жана АЭУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрына дайындалган. Шайлоолор жаңы аралаш система менен өтөт.




2014-жылдан бери Кыргызстанда шайлоо системасында реформа болуп келе жатат, ал добуш берүү процедурасынын жөнөкөй, түшүнүктүү, ишенимдүү, ачык болуусуна багытталган. Өлкөдө "Бир шайлоочу – бир добуш" принциби толугу менен ишке ашырылды. Бул Кыргыз Республикасынын туруктуу жетишкендиги, анын ичинде шайлоо процессине жаңы технологияларды киргизүү менен жетишилди:









# Шайлоочулардын тизмесин электрондук түзүү

2015-жылдан тарта Кыргызстанда шайлоочулардын биометрикалык катталуусуна багытталган жаңы шайлоо модели кабыл алынган. Реформалардын алкагында шайлоочулардын тизмесин тактоо боюнча ыйгарым укуктар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынан көз каранды эмес орган катары Боршайкомго берилген.





КР Өкмөтү жана КР БШК кабыл алган Калкты бирдиктүү мамлекеттик каттоону (КБМК) түзүү боюнча ырааттуу чаралар, даректүү каттоону тактоо жана шайлоочулар порталынын ачык-айкын иштеши шайлоочулардын тизмесинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатты. Натыйжада тизмеге кирген шайлоочулардын жана добуш берүүгө катышкандардын саны реформаларды ишке ашыруу убагында бир топ өстү.


Жалпы чаралардан тышкары, айрым категориядагы шайлоочулар үчүн конкреттүү чаралар ишке ашырылууда, алар: ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды милдеттүү түрдө каттоо; чет өлкөлөрдөгү шайлоо участкаларынын көбөйүшү; аялдардын шайлоого талапкер катары катышуусуна квоталарды киргизүү бул шайлоочу аялдардын шайлоо процессине катышуусун стимулдаштырууга тийиш; жаштар үчүн маалыматтык жана түшүндүрүү иштери.

## “Тизме” https://tizme.gov.kg/ - шайлоочулардын порталы

БШК «Тизме» https://tizme.gov.kg/ туруктуу сайтын түзүп, анда ай сайын шайлоочулардын тизмеси жаңыртылып турат. Эми шайлоочулардын ачык жана анык тизмеси менен таанышуу үчүн шайлоо убагында эле эмес, шайлоолор аралыгында да жеткиликтүү, бул жарандарга бардык учурда статистиканы көрүүгө жардам берет.





https://tizme.gov.kg/ шайлоочулардын тизмеси жөнүндөгү маалыматты облустарга жараша, гендер, жаш курагына тиешелүү топтор боюнча камтыйт. Шайлоо убагында күн сайын, ал эми шайлоолордун аралагында ай сайын жаңырып турган шайлоочулардын тизмеси жөнүндө статистика жайгашкан. Ресурс шайлоо кампанияларын пландоо үчүн пайдалуу, электоралдык чөйрөнүн динамикасы боюнча аналитикалык бөлүм да бар.



Өткөрүлгөн кампанияларды талдоо жыйынтыгы менен Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүдөй иштерди аткарды:

1) шайлоочулардын тизмесин тактоо мөөнөттөрү 45 күндөн 60 күнгө чейин узартылды;
2) шайлоочулардын тизмесинин базасынын компоненти катары даректик каттоо кардиналдуу жаңыртылды, Даректик каттоонун геомаалыматтык системасы (ДКГС) программасы түзүлдү, мунун негизинде шайлоочуларды участокторго автоматтык бөлүштүрүү жүргүзүлөт;
3) мамлекеттик порталды акыркы жаңыруу күнү менен ачык жана туруктуу жаңыртуу механизми түзүлгөн;
4) идентификациянын жаңы формалары жана каражаттары киргизилген (бетти биометрикалык параметрлер менен, комборидерлерди пайдалануу);
5) добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын тизмесин УШКларга жайгаштыруу жана сайтта жарыялоо киргизилген.



## Шайлоочунун электрондук кабинети

“Шайлоочунун кабинети” кызматы https://tizme.gov.kg/voter_cabinet.xhtml жарандардын активдүү шайлоо укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртуу багытында, шайлоочулардын тизмесине өзгөртүү киргизүү үчүн арыз берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында иштелип чыккан. Кызмат Борбордук шайлоо комиссиясынын санарип инфраструктурасынын компоненти болуп саналат, ал мамлекеттик маалымат системасы - Шайлоочулардын бирдиктүү каттоо системасы менен интеграцияланган.

Системада электрондук арызды берүү жана каттоо үчүн керектүү маалыматтар, берилген арыздардын иштелип жаткан абалы, шайлоочу бөлүнгөн шайлоо участогу жөнүндө маалымат, эскертме жанаорун которуулардын  таржымалы камтылган.

Шайлоочунун кабинети электрондук башкаруунун мамлекеттик инфраструктурасына кирген жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө колдонулуучу жарандарды идентификациялоонун жана авторизациялоонун бирдиктүү системасы (ИАБС) аркылуу шайлоочуларды идентификациялоого негизделген.

Шайлоочунун кабинети шайлоо процессинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатып, мыйзамда белгиленген биометрикалык идентификациядан өтүү менен жарандарды шайлоочулардын тизмесине киргизүү жана электрондук форматта тактоо үчүн жагымдуу шарттарды түзөт. Мындай жаңылыктар шайлоочулардын, айрыкча жаштардын, мигранттардын жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын шайлоого активдүү катышуусун жогорулатууга жардам берет.

## Электрондук талапкер, “Түндүк” системасындагы жекече маалыматтарды текшерүү жана коргоо

«Электрондук талапкер» маалымат порталы http://talapker.shailoo.gov.kg/ талапкерлердин жана саясий партиялардын документтеринин пакетин шайлоо комиссияларына электрондук форматта каттоого берүү процедурасын жөнөкөйлөтүү максатында түзүлгөн. Бул ресурс шайлоочуларга талапкерлер жана саясий партиялар тууралуу маалымат берет.





«Электрондук талапкер» системасынын милдети болуп төмөнкүлөр саналат:

- талапкерлердин жана саясий партиялардын документтеринин пакетин шайлоо комиссияларына тапшыруу процедурасын жөнөкөйлөтүү;
- талапкерлердин же саясий партиялардын документтеринин пакеттерин электрондук форматта ыкчам иштеп чыгууну уюштуруу;
- талапкерлерге жана саясий партияларга маалымат жарыялоо үчүн маалымат аянттарын берүү;


- жарандарга шайлоо өнөктүгүнүн шартында талапкерлер жана саясий партиялар, алардын программалары, шайлоо фонддору жөнүндө толук маалымат менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн берүү;

- шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык талапкерлер жана саясий партиялар жөнүндө маалыматты тактоо үчүн башка мамлекеттик органдардын маалымат системалары менен электрондук өз ара аракеттенүү (автоматтык);

- шайлоо кампаниясынын бардык деңгээлдеринде көзөмөлдү жана мониторингди камсыз кылуу;
- арыз берүүнүн, каттоонун жана башка маалыматтардын тарыхынын сакталышын камсыз кылуу;
- “ Электрондук талапкер” системасынын веб-ресурсунда талапкерлер жана саясий партиялар жөнүндө жалпыланган отчетторду жарыялоо;
- жарыяланган маалыматка ачык жетүүнү камсыздоо.





Жаңы ресурстун маанилүү учуру болуп, партиялар менен талапкерлердин финансылык отчеттуулугун чыгымдардын бардык түрлөрүнүн каржылоо булагын да көрсөтүү менен жарыялоо болуп саналат.




# Даттануулар жана кайрылууларды электрондук каттоо

КР БШК расмий сайтында “Даттанууларды жана мыйзамбузууларды каттоо” бөлүмү бар, анда шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздары жана даттануулары онлайн режиминде жарыяланат.





https://www.shailoo.gov.kg/ru/registry/submit/ URL дареги боюнча ар бир колдонуучу электрондук кайрылууну жөнөтүп, онлайн режиминде берилген арыздын абалын көзөмөлдөй алат, электрондук кайрылууну жөнөтүү процедурасы мүмкүн болушунча жөнөкөйлөтүлгөн, көп убакытты талап кылбайт.



## АЭУ менен добуш берүү – жыйынтыкты эсептөөнүн ишенимдүүлүгү


Шайлоонун техникалык жабдуулары - бул биометрикалык маалыматтарды чогултуучу жабдуулар, шайлоочуларды идентификациялоонун жабдуулары, автоматтык эсептөөчү урналар жана маалыматтарды жыйноо процессин программалык камсыздоодон турат.






## Маалыматтык шайлоо системасы (МШС) – добуш берүүнүн жыйынтыгынын сайты

**Маалыматтык шайлоо системасы** https://shailoo.gov.kg/ шайлоого даярдануу жана өткөрүү үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоолорунда жана референдумдарында добуш берүүнүн жүрүшү жана жыйынтыктары жөнүндө маалыматты чагылдырууга арналган.




Автоматтык эсептөөчү урналар шайлоо участкаларындагы бюллетендерди кабыл алууну жана саноону ишке ашырат.Модемдин жардамы аркылуу АЭ Удан маалыматтарды берүү, добуш берүү аяктагандан кийин БШКнын борбордук серверине берилет.



БШКда катышуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын Кыргыз Республикасынын картасында аймактарга жараша, талапкерлер боюнча жыйынтыктар ж.б. чагылдыруу үчүн программа иштелип чыкты.




Ошондой эле сайтта добуштарды кол менен саноонун протоколдору жана идентификациялоонун жыйынтыктоочу отчету чагылдырылат.




**Шайлоо участкаларынын картасы** - [https://shailoo.gov.kg/kg/map/](https://shailoo.gov.kg/kg/map/), [https://shailoo.gov.kg/ru/map/](https://shailoo.gov.kg/ru/map/) шайлоочуларды шайлоо участкаларынын чектери, шайлоо участкаларынын борборлору менен картадан көрүү аркылуу тааныштыруу үчүн иштелип чыккан.

## КР БШК маалымат ресурстары

Ошондой эле бир катар маалымат ресурстары шайлоо процессинин ар кандай жактары жөнүндө көп түрдүү маалыматтарды берип турат.

***КР БШК расмий сайты - [https://shailoo.gov.kg/](https://shailoo.gov.kg/)***

Порталда болуп жаткан окуялар, шайлоо процесси, жыйындар, жоболор , КР БШКнын курамы тууралуу маалымат берилет. Сайттын негизги максаты - шайлоочуларды, шайлоо комиссияларын, саясий партияларды, мамлекеттик органдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын маалыматтык колдоо үчүн маалыматтык - технологиялык чөйрөнү түзүү болуп эсептелет.

**Телеграм – ШАЙЛОО2021**

https://t.me/joinchat/AAAAAEV_8i0N_XIH1Q-XJQ

**Инстаграм – tsik_kyrgyzstan**

https://www.instagram.com/tsik_kyrgyzstan/

**Youtube – КР Боршайком**

https://www.youtube.com/channel/UC4Hhg8dK8khbhuCO8JaBj6w

**Facebook – КР Борбордук шайлоо комиссиясы**

https://www.facebook.com/shailoo.kg/